ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

УДК 339.56.055 DOI: 10.35803/1694-5298.2019.3.508-512

**К.О. БАПАЛИЕВ** КГУСТА им. Н. Исанова Бишкек, Кыргызская Республика kalybek72@mail.ru
**K.O. BAPALIEV** KSUCTA n.a. N. Isanov Bishkek, Kyrgyz Republic

**А.Т. МАШАЕВА** КГУСТА им. Н. Исанова, Бишкек, Кыргызская Республика, aivara7979@mail.ru
**A.T. MASHAEVA** KSUCTA n.a. N. Isanov Bishkek, Kyrgyz Republic

# ЕВРОАЗИЯЛЫК ЭКОНОМИКАЛЫК БИРИКМЕНИН ШАРТЫНДА КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ОРТО ЖАНА ЧАКАН ИШКАНАЛАРЫНЫН КАЛЫПТАНУУСУ ЖАНА ӨНУГYYСY

# СТАНОВЛЕНИЕ И РАЗВИТИЕ СРЕДНЕГО И МАЛОГО БИЗНЕСА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ В УСЛОВИЯХ ЕВРОАЗИЙСКОГО ЭКОНОМИЧЕСКОГО СОЮЗА

# FORMATION AND DEVELOPMENT OF MEDIUM AND SMALL BUSINESSES OF THE KYRGYZ REPUBLIC UNDER THE CONDITIONS OF THE EURASIAN ECONOMIC UNION

*Бул макала Кыргыз Республикасынын орто жана чакан ишканаларынын жаңы шарттарда калыптануусу жана өнүгүүсү, ошондой эле Евроазиялык экономикалык бирикменин орто жана чакан ишканалардын ишмердүүлүгүнө тийгизген таасирин жана жетишкендиктерин талдоо жүргүзүлөт.*
***Өзөк сөздөр:*** *орто жана чакан ишканалар, евроазиялык экономикалык бирикме.*

*Данная статья посвящена анализу влияния Евроазийского экономического союза на становление и развитие среднего и малого бизнеса Кыргызской Республики в новых условиях.*
***Ключевые слова:*** *средний и малый бизнес, Евроазийский экономический союз.*

*This article analyzes the impact of the Eurasian economic Union on the formation and development of small and medium businesses in the Kyrgyz Republic in the new conditions*
***Keywords:*** *small and medium business, Eurasian economic Union.*

Бүгүнкү күндө мамлекеттердин (башка өлкөлөр менен алака түзбөй) өз алдынча иш алып баруусун элестетүү такыр мүмкүн эмес. Экономикалык глобалдашуу азыркы замандын өзгөчө бир жетишкендиктеринин белгиси болуп саналууда. Ал эми өлкөнүн экономикасынын өзөгү болуп чакан жана орто бизнестин эсептелиши талашсыз көрүнүш. Ошого байланыштуу көптөгөн алдыңкы жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөр чакан жана орто бизнеске жана аны инновациялык башкаруу ыкмаларына өзгөчө басым жасоодо. Анткени экономиканын басымдуу бөлүгүнө чакан жана орто бизнестин салымы абдан жогору. Биздин макалада чакан жана орто бизнеске чакан жана орто ишканалардын статистикалык көрсөткүчтөрү камтылган.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин маалыматы боюнча: «Чакан жана орто ишкерчилик (чакан жана орто бизнес) чарба жүргүзүүчү бирдиктердин: чакан жана орто ишканалардын, дыйкан (фермер) чарбалардын жана жеке ишкерлердин жыйындысы».

Чакан жана орто ишкана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Ишкананын типтеринин классификаторунун негизги схемасы жөнүндө» токтомуна жана «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1998-ж. 17-февралындагы № 78 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтомуна ылайык учурда чарба жүргүзүүнүн уюштуруучулук – укуктук формасына карабастан, юридикалык жактар, коммерциялык ишканалар төмөнкүчө болуп бөлүнөт:

- айыл чарба, аңчылык жана токой чарба; балык уулоочулук жана балык өстүрүүчүлүк; тоо кен казуу өнөр жайы; электр энергиясын, газ менен сууну өндүрүү жана бөлүштүрүү; курулушта – 50 адам (чакан ишкана) жана 51 ден 200 адамга чейин (орто ишкана);

- соода ишканалары; автомобилдерди, турмуш тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди оңдоо ишканалары; мейманкана жана ресторан тарабынан тейлөө көрсөтүү; транспорт жана байланыш; финансы ишмердиги; кыймылсыз мүлк операциялары, ижара жана керектөөчүлөргө тейлөө көрсөтүү; билим берүү; саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөө көрсөтүү; коммуналдык, социалдык жана жеке тейлөөлөрдү көрсөтүү уюмдарында – 15 адам (чакан ишкана) жана 16 дан 50 адамга чейин (орто ишкана) [1].

Дыйкан (фермер) чарбасы – юридикалык жак деген статусу бар же юридикалык жакты түзбөстөн өз ишмердигин ишке ашырган өз алдынча чарба жүргүзүүчү субъект, анын ишмердиги, негизинен, үй бүлө мүчөлөрүнүн, туугандардын жана айыл чарба продукциясын биргелешип өндүрүшкөн башка адамдардын эмгегине таянат, бул ишмердиктин негизи катары жер участогу саналат, же болбосо, жеке менчик катары же пайдаланууга (ижарага) алынган башка мүлкү эсептелет.

Ишкерчилик ишмердик менен алек болгон жеке адам – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, ишкерчиликтин айрым түрлөрү боюнча юридикалык жакты түзбөстөн жеке ишкер катары же патенттик негизде мамлекеттик каттоодон өткөн учурдан тартып ишкерчилик ишмердикти жүргүзүүгө укугу бар жаран.

Чет өлкөлүк инвестициялары бар ишканаларды түзүүнү, аларды ишмердигинин түрлөрүн жана шарттарын теске салуучу негизги юридикалык документ катары Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы инвестициялар жөнүндө» Мыйзамы эсептелет, ага ылайык, республиканын аймагында бир же андан көп чет өлкөлүк жеке адамдар жана юридикалык жактар толук ээ болгон ишканалар түзүлсө жана иштесе болот; бир же андан көп чет өлкөлүк жеке адамдар жана юридикалык жактар жазуу түрүндөгү контракт аркылуу, добуш бере алган акциялардын көпчүлүгүн сатуу укугу, аткаруу же байкоо органдарынын мүчөлөрүн дайындоо укугу аркылуу бул ишканаларды башкарат жана аларды көзөмөлдөйт; бул ишканалардын уставдык капиталынын жыйырма процентинен аз эмес бөлүгү чет өлкөдө туруктуу жашаган чет өлкөлүк жарандардын, жарандыгы жок адамдардын же юридикалык жактардын менчигинде болот.

Айта кетсек чакан жана орто бизнестин Кыргыз Республикасынын экономикасына салымын төмөнкү 1 - таблицадан көрүүгө болот (дыйкан (фермер) чарбалардын жана жеке ишкерлерди кошпогондо).

1- таблицада чакан жана орто бизнестин (дыйкан (фермер) чарбалардын жана жеке ишкерлерди кошпогондо) 2009 – 2018-жылдар аралыгындагы ишмердигинин көрсөткүчтөрү көрсөтүлгөн.

ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com
ABBYY PDF Transformer 2.0 Click here to buy www.ABBYY.com

1 – таблица. Чакан жана орто бизнестин көрсөткүчтөрү (дыйкан (фермер) чарбалардын жана жеке ишкерлерди кошпогондо)

| № | Көрсөткүчтөр | 2009 | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 (9-ай) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | Ишканалардын саны | 12221 | 12163 | 12211 | 11931 | 12549 | 13505 | 14027 | 14368 | 14653 | 11356 |
| 2. | Сатып өткөрүүдөн түшкөн акча, млн. сом | 82804,6 | 93511,7 | 59683,0 | 80034,6 | 77733,2 | 82433,1 | 87756,3 | 98984,7 | 118035,2 | 81252,9 |
| 3. | Кызматкерлердин саны | 93878 | 88731 | 85930 | 87420 | 87876 | 88461 | 88316 | 87425 | 89385 | 82500 |
| 4. | Жалпы экономикада иштеп жаткан кызматкерлерге карата салыштырмалуу салмагы, % менен | 4,3 | 3,9 | 3,8 | 3,8 | 3,9 | 3,9 | 3,7 | 3,7 | 3,8 | 3,8* |
| 5. | Чакан жана орто бизнестин жалпы экономиканын көлөмүнө карата пайыз менен | 13,4 | 12,6 | 11,6 | 12,0 | 12,0 | 10,8 | 10,9 | 11,5 | 10,8 | 10,9 |
| 6. | Чакан жана орто бизнестинсатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын 2009-жылга карата өсүү темпи пайыз менен | 100,0 | 112,9 | 72,1 | 96,7 | 93,9 | 99,6 | 106,0 | 119,5 | 142,5 | 98,1 |
| 7. | Чакан жана орто бизнестинсатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын мурунку жылга салыштырмалуу өсүү темпи пайыз менен | 100,0 | 112,9 | 63,8 | 134,1 | 97,1 | 106,0 | 106,5 | 112,8 | 119,2 | 68,8 |

2015-жылдын 12-август айынан баштап Кыргыз Республикасы Евразиялык экономикалык бирикмеге мүчө болуп кабыл алынган. Бул биригүүгө Кыргыз өкмөтү, чакан жана орто ишкерлер чоң үмүт артты.

Евразиялык экономикалык бирикме Кыргыз Республикасынын чакан жана орто ишкерлерине эбегейсиз зор «рынокту» ачуу менен бирге эле алдынкы технологияны колдонуп, жаңы багытта иш алып бара жаткан күчтүү аттандаштар менен таймашууга туура келет. Андан сырткары биздин мамлекетте фитосанитардык лабораториянын жоктугу да өз кедергисин тийгизбей койбойт, анткени Евразиялык экономикалык бирикменин негизги талаптарынын бири болуп айыл чарбасында өндүрүлүп жаткан товарларга болгон жогорку талап болуп саналат.

Чакан жана орто бизнестин сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмү 10 жыл аралыгында 42,5 пайызга өскөн болсо, ал эми чакан жана орто бизнестеги кызматкерлердин саны 4,8 пайызга төмөндөгөн. Ошол эле учурда чакан жана орто бизнеске караштуу ишканалардын саны 20 пайызга өскөн.

Акыркы 9 жыл аралыгында чакан жана орто бизнесте кызмат көрсөткөн кызматкерлердин саны жалпы экономикада иштеген кызматкерлердин санына салыштырмалуу салмагы турукташып калган жана ал көрсөткүч 3,8 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда чакан жана орто бизнестин жалпы экономикага болгон салымы 13,4 пайыздан 10,8 пайызга чейин төмөндөгөн.

Чакан жана орто бизнестин 2009 - жылдан 2017 – жылга чейинки сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмүнүн жана кызматкерлеринин санынын динамикасын 1-сүрөттөн көрүүгө болот.




1 – сүрөт. Чакан жана орто бизнестин 2009 - жылдан 2017 - жылга чейинки сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмүнүн жана кызматкерлеринин санынын динамикасы

1 – сүрөттөн чакан жана орто бизнесте кызмат көрсөткөн кызматкерлердин саны бир калыпта турганын, башкача айтканда каралган жылдар аралыгында дээрлик өзгөрүүсүз калгандыгын байкоого болот, ал эми сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмүнүн динамикасы 2011-жылы 2010-жылга салыштырмалуу 33828,7 миң сомго төмөндөгөн. 2012-жылы сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмү 2011-жылга салыштырмалуу 20351,6 миң

сомго жогорулаган, бирок 2013-жылы 2012-жылга салыштырмалуу 2301,4 миң сомго төмөндөгөн. Ал эми 2014-жылы жана Кыргыз Республикасы Евразиялык экономикалык бирикмеге мүчө болгон жылдан (2015-жыл) тартып туруктуу өсүү динамикасын байкоого болот, башкача айтканда 2014-жылы 2013-жылга салыштырмалуу сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмү 4699,9 миң сомго, 2015-жылы 2014-жылга салыштырмалуу 5323,2 миң сомго, 2016-жылы 2015-жылга салыштырмалуу 11228,4 миң сомго жана 2017-жылы 2016-жылга салыштырмалуу сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмү 19050,3 миң сомго өскөн.

Кийинки 2-сүрөттө чакан жана орто бизнестин 2009-жылдан 2017-жылга чейинки сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмү жалпы ички дүң продуктыга жана кызматкерлеринин саны жалпы экономикада иштеп жаткан кызматкерлердин санына карата салыштырмалуу салмагы көрсөтүлгөн.




2 – сүрөт. Чакан жана орто бизнестин 2009 - жылдан 2017 - жылга чейинки сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмү жалпы ички дүң продуктыга жана кызматкерлеринин саны жалпы экономикада иштеп жаткан кызматкерлердин санына карата салыштырмалуу салмагы

2-сүрөттө көрүнүп тургандай чакан жана орто бизнесте алектенген кызматкерлердин саны жалпы экономикада иштеп жаткан кызматкерлерине салыштырмалуу салмагы туруктуулукту сактоодо, ал эми сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмү жалпы ички дүң продуктыга салыштырмалуу салмагы 2009-жылдан баштап төмөндөп баштаган. Башкача айтканда 2009-жылы чакан жана орто бизнестин сатып өткөрүүдөн түшкөн акчанын көлөмү жалпы ички дүң продуктыга салыштырмалуу салмагы 13,4 пайызды түзгөн болсо, ошол эле көрсөткүч 2017-жылы 10,8 пайызды көрсөтүп 2,6 пайызга төмөндөгөн.

Жогоруда жүргүзүлгөн талдоодон Кыргыз Республикасынын Өкмөтү чакан жана орто бизнести өнүктүрүү максаттында жаңы механизмдерди иштеп чыгуусу жана жеңилдетилген салык саясаттын жүргүзүүсү керек. Андан сырткары үстүбүздөгү жылдын март айында Россия мамлекеттинин Президенти баштаган бир топ ишканалар келип, биздин ишканалар кызматташуу боюнча бир топ келишимдерге кол коюшту жана Кыргызстан менен Россиянын ортосунда жалпы 6 млрд. доллардан ашуун суммага эки тараптуу документтерге кол коюлду[2].

**Адабияттар тизмеси**

1. КР УСК – Кыргыз Республикасындагы чакан жана орто ишкердик - www.stat.kg;
2. http://www.ca-irnews.com/kg/analytics-kg/